**УДК:784 (575.2)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-1-237-242**

**Ырыскулова А.Ы.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# ОБОНЧУ ТҮГӨЛБАЙ КАЗАКОВДУН КЫРГЫЗ ОБОНЧУЛУК ӨНӨРҮНДӨГҮ ЭЭЛЕГЕН ОРДУ

**Аннотация:** Кыргыз Республикасынын эл артисти, белгилүү обончу-композитор, публицист, коомдук ишмер Түгөлбай Казаков - улуттук музыка өнөрүнө 70-жылдарда келип, кыргыздын салттуу обонуна Р. Абдыкадыровдон кийин өзгөчө бурулуш жасаган, чыгармаларынын санына эмес сапаттык баасына басым койгон талант. Т. Казаковдун ырлары тазалыкка жуурулган, жеңил-желпиликтен алда канча бийикте турган, жасалмасыз жашоону сүйүүнү, адамды сүйүүнү, ааламды сүйүүнү даңазалаган, жүрөккө жакын муң кайрыктар. Кыргызда "жигитке жетимиш өнөр аздык кылат" деген сөз, дал ушул Т. Казаковго туура келчүдөй. Анткени бул киши ырдай да билет. Ошону менен катар жаза да билет. Керемет ырларды жарата билген акындыгы да бар. Чыгармачыл дүйнөсү өтө кеңири. Журналистикадабы, коомдук иштерде болобу атуул катары өз позициясы бар. Менин бул илимий макалам "Алтын балалык", "Жамгыр", "Элегия", "Насыйкат" өндүү терең мазмундуу кыргыз-казактын кыйырына жеткен ырлардын автору, кыргыз музыкасынын тарыхында биринчи жолу элдик күүнү обонго салган, түрк дүйнөсүнө түгөл таанымал обончу, ырчы, жазуучу, чыныгы чыгармачыл адам катары кыргыз маданиятында оз орду бар, биздин муун туу туткан Түгөлбай Казаковдун обончулук өнөрүнө, чыгармачылык жолуна арналат.
**Негизги сөздөр**: обончу, ырлары, аткаруучулар, элдин баасы, чыгармалар, талант, музыкалык билим, публицист.

**Ырыскулова А.Ы.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# МЕСТО МЕЛОДИСТА ТҮГӨЛБАЯ КАЗАКОВА В КЫРГЫЗСКОМ МЕЛОДИЧЕСКОМ ИСКУССТВЕ

**Аннотация:** Народный артист Кыргызской Республики, известный композитор-композитор, публицист, общественный деятель Туголбай Казаков – талант, пришедший в национальную музыкальную индустрию в 70-е годы и сделавший особый поворот в кыргызской традиционной мелодии после Р. Абдыкадырова. Стихи Т. Казакова полны чистоты, гораздо выше легкомыслия, воспевают любовь к жизни, любовь к человеку, любовь ко Вселенной, близкую сердцу. Кыргызская поговорка «Молодому человеку семидесяти навыков мало» кажется справедливой и для Т. Казакова. Потому что этот человек умеет петь. При этом он умеет наказывать. Есть еще поэт, который умеет создавать красивые песни. Творческий мир очень широк. У него есть своя позиция как гражданина, будь то в журналистике или в связях с общественностью. Это моя научная статья. Автор песен "Алтын балалык", "Джамгыр", "Элегия", "Насыйкат" с глубоким содержанием, достигающим кыргызско-казахской границы, впервые в истории сочинивший народный напев кыргызской музыки, композитор, певец, писатель, известный даже в тюркском мире., как настоящая творческая личность, занимающая особое место в кыргызской культуре,

предан песенному искусству и творческому пути Туголбая Казакова, знаменосца наше поколение.
**Ключевые слова:** мелодист, песни, исполнители, признание, композиции, талант, музыкальное образование, публицист.

**Yryskulova A.Y.**
master student
Kyrgyz State University named after. I. Arabaev
Bishkek c.

## THE PLACE OF THE MELODIST TUGOLBAI KAZAKOV IN THE KYRGYZ MELODIC ART

**Annotation:** People's Artist of the Kyrgyz Republic, well-known composer-composer, publicist, public activist Tugolbai Kazakov is a talent who came to the national music industry in the 70s and made a special turn to the Kyrgyz traditional melody after R. Abdykadyrov. T. Kazakov's poems are full of purity, far above frivolity, glorifying the love of life, love of man, love of the universe, close to the heart. In Kyrgyz, the saying "seventy skills are not enough for a young man" seems to be true for T. Kazakov. Because this man can sing. Along with that, he knows how to punish. There is also a poet who knows how to create beautiful songs. The creative world is very wide. He has his own position as a citizen, whether in journalism or public affairs. This is my scientific article. He is the author of "Golden Childhood", "Jamgyr", "Elegy", "Nasyikat" songs that reached the depths of Kyrgyz-Kazakh music. , as a real creative person, who has a special place in Kyrgyz culture, is dedicated to the songwriting art and creative path of Tugolbai Kazakov, the flag bearer of our generation.
**Keywords:** melodist, songs, performers, popular recognition, compositions, talent musical, edication publicist, etc.

*Адабият, музыкада өнөрдө*
*Ат салышуу адамзаттык жөрөлгө*
*Түрк журтуна түгөл менен таанымал*
*Түкөбүздө арбын экен көрөңгө*

*(Акбар Рыскулов)*

Түгөлбай Казаков 1951-жылы 28-майда Талас облусунун Талас районуна караштуу Көпүрө-Базар айылында туулган.

Музыка таануу илиминде оозеки салттагы профессионализмдин өзүнчө илимий маселе катары каралышы өткөн кылымдын 70-жылдарынын ортосунда, башкача атйканда 80-жылдарынын башында калыптана баштаган [8, с.7-15]

1970-80-жылдары кыргыз музыкасын калайыкка жакын кылып, заманбап обондуу ырларды жараткан айырмалуу обончулардын бири. Анын феномени чыгармачыл инсандардын арасында өзгөчө. Түгөлбай ыр, макала жазууну обондон биринчи баштаган. Өзүнүн айтуусу боюнча башында филологиялык факультетке тапшырып, жазуучу болууну кыялданган. Бирок мектепти бүтүп жогорку окуу жайына келгенде адабий чөйрөгө белгилүү болуп калган агасы Аман Токтогуловдун кеңеши менен политехникалык институтка тапшырат. Бирок тагдыр Казаковду кайра эле чыгармачыл чөйрөгө алып келип,

Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институтун бүтүргөн. Эмгек жолун 1973-76 жылдары Ысык-Көл райондук маданият үйүнүн директору, Ысык-Көл элдик театрынын режиссеру болуп иштөөдөн баштаган.

Казаковдун түп нуска обондору кыргыз-казакка кеңири тараган, адамдын ички чыңалуусун көтөрүп чыккан, ар бири жүрөгүбүздүн гимниндей таасир калтырат. Анын ырлары мезгилдин сыноосунан өтүп, бүгүнкү күндүн угармандарынын, ырчыларынын жүрөгүнөн орун таап, бир топ чыгармалары экинчи өмүрүн жашап жатат. Бул макалада ушул ийгиликтерди камсыз кылган каарманыбыздын калем ыкмасы, обончулук жаатындагы өзгөчө дүйнөсүндө обондорунун өздүгүн аныктаган өзгөчөлүгү эмнеде, мына ошого жооп издеп көрөлү.

Алгачкы обондорунун бири “Алтын балалык”. Экинчи курста окуп жүргөндө өзүнө жакын, айыл жыттанган балалык, жайлоо, тоолор, жаштык, сүйүү тууралуу Жапаркул Алыбаевдин текстине жазылган баян үчүн жазылган чыгарма болгон, кийин куплет, кайырмасын чыгарып, обон жаралган экен. Алтын балалык жолдуу ыр болуп, азыркы Александр Масляковдун ошол кездеги “Алло, биз таланттарды издейбиз” деген бүткүл союздук телеконкурсуна катышып, чоң ийгиликтерди алып келген. Обончулукту баштаарда ал өзүнө ар кандай талаптарды коет:

- Сөздүн мыктысын тандайм
- Өзүмдү өзүм кайталабайм
- Мажор, минорду бир ырда колдоном
- Кыздын атына обон чыгарбайм
- Жанычыл болом ж.б.у.с.
-

Чындыгында Казаковдун кайсы чыгармасын алып карабайлы мукамдуулугу, кайталангыс ыргактарга бай, кулакка жагымдуулугу жана поэтикалык тексттин тереңиндеги сырларды кылдат ачкан кыраатуулугу менен айырмаланып турат. Мисалы “Жамгыр” ырын алсак, “бала кезде жанга жакының, кийин өмүрүңдү коштоп жүрөт экен. Жамгыр да мага ошондой сапарлаш болду. Бала кезде жамгырды жакшы көрүп, жааса эле тобуурчактай секирип жүрчүбүз. Жамгыр жерге сиңбей эле, менин да жан дүйнөмө сиңген экен, көп жыл ичимде бышырып жүрүп, кандайча оозумдан чыгып кеткенин билбей калдым” дегени бар. Күн күркүрө-өп жамгыр төктү.... алгач келген саптар ушул болгон. Казаков сөз баккан, китеп көп окуган, сөз башында айткандай ыр жазган акындык өнөрү бар адам болгону менен дээрлик чыгармаларынын көбүнүн тексттерин акындар менен иштешкен. “Бөдөнөнү сойсо да касапчы сойсун” деген принципти карманган обончу. Жамгырдын обону менен сөзү кошо жаралган. Бирок, 2-3 акынга кайрылып, жарытылуу жооп албай, текст ошол өзү жазган боюнча калган. Каарманыбыз балким күчтүү акындардын тексти болсо мындан да бийик денгээлдеги обон болмоктур, адам бир теманын алдында бир эле толгонот экен, кайра кайрылып күчтүү саптарды таба алган жокмун, бул ырды обону сүйрөп жүрөт деген. Жашоонун философиясы ушундай, адам үчүн башынан өткөргөн сезимдер кымбат, ал анысы менен коштошкусу келбейт. Ырдын үчүнчү куплетиндеги **“Жамгырларда эскеребиз, алгач сүйүү унутулбай”** деген саптар муну тастыктап тургандай. Демек, ал сезимдер эскерүү иретинде жашай берет. Ырдын обон-ыргактык түзүмүнөн биз ушул ой-бүтүмдөрдүн музыкалык чагылдырылышын даана көрө алабыз.

Т.Казаковдун чыгармачылыгындагы өзүнчө бир оригиналдуу, улуттун салттуу өнөрүнүн алкагында бурулуш сыяктуу жасаган эмгеги-бул анын “Насыйкат” ыры. Автордун өзүнүн аткаруусунда бул ыр жаңы чыкканда эл ичинде бомба жарылгандай эле таасир калтырган, аны кайра-кайра укканга көпчүлүк куштар болуп, теле-радиодон, концерттерден такай жаңырып калган эле. Чынында атактуу Карамолдо Орозовдун “Насыйкат” күүсүнүн негизги кайрыктарын алып, тактап айтканда кайрыктарынын бирин-экисин эле эмес, күүнү толук бойдон алып,  ага Акбар Рыскуловдун сөзүн кынаптап аткарганы Казаковдун улуттук салттуу өнөргө кошкон чоң табылгасы. Насыйкатта ыр саптары күүнүн негизги бөлүктөрүнө толук бойдон берилип, таза аспаптык чыгарма аваздык-аспаптык чыгармага айланган. Адатта кыргыз күүлөрүнө мүнөздүү кыска-кыска импровизациялык ыкмада кайталанган кайрыктар поэтикалык ыр саптарына ылайыкталып, башкача айтканда автор тарабынан иштелип чыккан. Казаковдун бул күүгө кайрылганынын дагы бир артыкчылыгы-бул анын улуттук салттуу музыканы кайра жандантууга, элдин көңүлүн нукура улуттук маданиятка буруууга кошкон үлүшү. Кыргыз күүлөрүн ырдап чыгууга башка композиторлор, ырчылар дагы аракет кылып көрүштү, бирок негедир максатка жетпегендей көрүнөт.

Бул насыйкат мага калган,
Бул насыйкат сага калган.
Калган керээз бабалардан:
Канат байлап өмүргө,
Каршы турган өлүмгө.
Карылардан санжыра,
Аппак марал жөнүндө.
Карыбайт элдик ырлар,
Талыбайт элдик үмүт.
Жакшылыктан асты түңүлбөдүң,
Аппак марал неге күлүңдөдүң?..

Түгөлбай Казаков бир мезгиле “мен мындан кийин мыкты обондорду чыгара албай калдым окшойт, мен обондорумду санагым келбейт. Чыгарган ырларымдын ырдалып жүргөнү, ырдалбай калганы бар. Элдин оозунда канча ырың ырдалса, демек ошончо обонуң бар” деп айтканы бар. Демек, “Насыйкаттын” деңгээлинен ашып түшкөн чыгарма болуусу керек, болбосо обон жазбай коюу туура деген.

Автордун домбранын коштоосунда ырдалып жүргөн Салижан Жигитовдун сөзүнө жазылган “Шуулдаба терегим, теректерим...” аттуу ыры ар бир  угармандын жан дүйнөсүн козгоп, айылын, балалыгын, ата-конушун эске салса керек. Жүрөктү эзген домбра кылдары эзелтен казак-кыргыздын ыры да, ыйы да бирге экенин айтса, обончунун коңур үнүндөгү кусалуу кайрыктар угармандарга жашоонун түбөлүктүү эмес экенин, ата-эне, бир туугандын, тирүүлүктүн баалуулугун айтып муңканат.

Түгөлбай Казаков “эне”, “мекен” темасына кайрылган эмес. Себебин ал андай ыйык, бийик темаларга туура келген ыр саптарынын жоктугу менен түшүндүргөн. Өзү да канча аракет кылып толгонгону менен аталган темаларды ачып берген, көнүмүш саптар коштобогон, ыр жарата албаганын айткан. Бул анын чыгармачылыкка өтө сын көз менен карап, жоопкерчиликти сезгенинде десек болот. Өзүнүн сөзүнө жазылган *“Жамгыр”*, *“Мажүрүм тал”*, *“Балалыкка кездешүү”*, *“Сага”*, *“Тоо гүлдөрү”жана башка ырларына обон жазса,*

Жапаркул Алыбаевдин сөзүнө "Алтын балалык"
Жолон Мамытовдун сөзүнө "Махабат оту"
Майрамкан Абылкасымованын сөзүнө "Ай, күйдүргүм"
Калчоро Көкүловдун сөзүнө "Жыйырманчы жаз"
Нурпаис Жаркынбаевдин сөзүнө "Күтүү"
Роза Карагулованын сөзүнө "Сүйүү жазы"
Омор Султановдун сөзүнө "Коштошуу", "Элегия"
Эркин Тазабековдун сөзүнө "Сырдашуу"
Жакшылык Алымовдун сөзүнө "Махабат баяны"
Акбар Рыскуловдун сөзүнө "Насыйкат"
Төлөгөн Мамеевдин сөзүнө "Эстелик"
Салижан Жигитовдун сөзүнө "Шуулдаба терегим, теректерим"
Аман Токтогуловдун сөзүнө "Арман"

Шайлообек Дүйшеевдин сөзүнө "Акыркы ыр" жана башка көптөгөн ырлары эл арасында ырдалып келе жатат. Ар кыл темадагы күйүт, азап, сүйүү сезимине арналган, кусалыкка толгон, аруу сезимге оронгон бул ырлар кыргыздын кыйырына жетип, өз угармандарын тапкан. Ал эми балдар үчүн дагы "Гүлдөр", "Селкинчек", "Бакчада" ж.б. ырларды жараткан.

Азыркы этапта мектепке чейинки балдарды музыкалык фольклордун жардамы менен музыкалык тарбиялоонун башкы милдети - баланын негизги түшүнүктөрү калыптана баштаган, сүйлөө жана ой жүгүртүүсү, жөндөмдүүлүктөрү башталгандан баштап элдик музыкага бетме-бет кайрылуу, көндүмдөр жана жөндөмдөр өркүндөп жатат. Дал ушул жашоонун алгачкы күндөрүнөн тартып эле баланын дүйнө таанымын жалпылап калыптандыруу каражаты катары кызмат кылган музыкалык фольклор, анын эстетикалык жана адеп-ахлактык маңызы боюнча ассоциативдик, образдуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Ой жүгүртүүнүн аркасында бала өзүнүн чыгармачыл жөндөмдөрүн өркүндөтөт, чыгармачыл иш тажрыйбасын алат, анын инсандыгын калыптандырат[9, с. 235].

Түгөлбай Казаков сөзүмдүн башында айтып өткөндөй ыр макала жазууну обондон биринчи баштаган. Бирок толук кандуу адабиятка киришкен жок. Бирок коомчулукка обончулуктан сырткары кара сөз, ыр жаатында жазган чыгармаларын да тартуулап келет. "Ырлар", "Биринчи кар", "Эсимде", "Жамгыр" аттуу китептердин автору. Ондогон даректүү тасмалардын, "Ат жалын бек карма", "Түркүн тагдырлар", "Терек канча жыл жашайт", "Махабат дастаны", "Кайран эл" фильмдеринин музыкасын жазган. Обондору республикалык, эл аралык конкурстарда баш байге, ар түрдүү сыйлыктарга ээ болуп, ырлары түрк, казак, азербайжан, орус, өзбек тилдерине которулуп ырдалып жүрөт. Орто Азия жана Казакстан республикаларынын жаш кинематографисттеринин фестивалдарында кинокомпозитор катарында эки жолу жеңүүчү болгон. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти деген ардактуу наамды 1988-жылы, Эл артисти наамын 2005 жылы алган. 2021-жылы III даражадагы Манас орденинин ээси.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Кыргызмузыкасы: Энциклопедиялык окуу куралы [Текст]: Башкы ред.
2. Ү. Асанов. – Бишкек, 2004. – 400 б.

3. Б. Апыш, Д. Бабаев, Т. Жоробеков.Педагогика. Б., 2002
4. Кабалевкий Д. Б. – Музыкажана музыкалык тарбия берүү. (ар кайсы жылдардагы чыгып сүйлөөлөр, макалалар). – М.: “Знание” 1984. – 64б. 8. Соколов К. Д. – Швециядагы эстетикалык тарбия берүү системасы//Эстетическое воспитание на современном этапе: Учурдагы эстетикалык тарбия берүү теориясы методологиясы, М.: ВНИИ искусствознания, макалалар жыйнагы. – 1990. – 123-134 бб.
5. Камчыбек Дүйшалиев “Кыргыз эл музыкасы” окуу китеби. Бишкек “Шам” – 2007. – 3. Жамила Маматова “Улуу музыкалык мурас жолун билүү”. Искусство таануу илимдеринин доктору доктору Камчыбек Дүйшалиев. Бишкек “Принт Экспресс”. – 2014. 320 б.
6. Жамгыр: Түгөлбай Казаков Бишкек, 2018
7. Эсимде : Түгөлбай Казаков Бишкек 2011
8. Р. Аманова «Кыргыздын оозеки салттагы музыкалык искусствосундагы профессионализм маселеси». Вестник КГУ имени И. Арабаева, Бишкек – 2022. – №3. – С. 7-16.
https://jarchy.arabaev.kg/admin-dmin/fotogalere/1666757161_9c9e7858f737a8f27339404587f514e0.pdf
9. Бердигулов Н.А. «Балдардын музыкалык чыгармачылыгын өнүктүрүүдөгү музыкалык фольклор». Вестник КГУ имени И. Арабаева, Бишкек – 2021.– №3. – С. 235.
https://jarchy.arabaev.kg/admin-admin/fotogalere/1640073476_235-238.pdf
Интернет булактары: kompozitor.kg, https;//www.azattyk.org

**Рецензент: композитор Артыков К.**